*УДК 81 36*

***А. Койлубаева,***
*ф.и.к., доцент, К.Тыныстанов*
*атындагы ЫМУ*

# БАГЫНЫҢКЫ КОШМО СҮЙЛӨМДҮН ТҮГӨЙЛӨРҮ ТУЮНТКАН МААНИЛЕР ЖАНА АЛАРДЫ БЕРҮҮНҮН СТИЛДИК КАРАЖАТТАРЫ

*Аталаган макалада багыныңкы кошмо сүйлөмдүн берген маанилери жана аларды байланыштыруучу стилдик каражаттар «Манас» эпосунун материалдарынын негизинде талдоого алынат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *Баш сүйлөм, багыныңкы сүйлөм, максат багыныңкы сүйлөм, сыпат багыныңкы сүйлөмдөр жана аларды байланыштыруучу морфологиялык каражаттар.*

*В этой статье рассматриваются значения придаточных предложений и разбираются их стилевые присоединения на основе материалов эпоса "Манас".*

***Ключевые слова:*** *главное предложение, придаточное предложение, предложение с придаточными цели, предложение с придаточными образа действия, морфологические способы их присоединения.*

*In this article the significance of subordinate joint sentences and their stylistic means on materials of epos «Manas» are analyzed*

***Key words:*** *Subordinate clause, purpose compound, djectivecompoundsentencesand their morphological meansof connection.*

Биздин негизги байланыш куралыбыз болуп саналган тилибизде адамдардын ою сөздөр, же сөздөрдүн айкашынан түзүлгөн жеке-жеке жөнөкөй сүйлөмдөр аркылуу гана берилбестен, ошол жөнөкөй сүйлөмдөрдүн өз ара тутумдашуусунан түзүлгөн кошмо сүйлөмдөр аркылуу да айтыла берет. Кандай гана кошмо сүйлөм болбосун, анын тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр мааниси боюнча биригип, бирдиктүү бүтүн ойдун куралган жыйындысын билдирет. Ошол себептүү кошмо сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-биринен бөлөк, ажыратылып каралбайт. Алар жалпы мазмуну боюнча да, жана интонациялык жагынан да синтаксистик бир бүтүн конструкция болуп эсептелет. Кадыресе жөнөкөй сүйлөмдөрдөн айырмаланып, кошмо сүйлөмдүн синтаксистик түгөйлөрүндө аякталган интонация болбойт. Алардын аякталган интонациясы тутумундагы бардык түгөйлөрүнүн суммасы менен шартташып турат.

Багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдүн тутумундагы түгөйлөр (багыныңкы сүйлөм жана баш сүйлөм) грамматикалык татаал бир бүтүндүн өз ара ажырагыс болуп бекем байланышкан жана маанилери боюнча бири экинчисине багынычтуу, көз каранды болгон бөлүктөрү болуп саналат. Баш сүйлөм багыныңкы сүйлөмдү маани жактан өзүнө багындыруу менен. кошмо сүйлөм аркылуу берилип жаткан ой-пикирди жыйынтыктап турат. Ошол себептүү багыныңкы сүйлөмгө караганда баш сүйлөм маани жактан басымдуулук кылат. Ал эми багыныңкы сүйлөм болсо, баш сүйлөмдөгү ойдун түрдүү кырдаалын, белгилерин, мүнөзүн баяндайт.

Мындай сүйлөмдөр "Манас" эпосунда өтө жыш колдонулуп, анын көлөмүнө жарашкан көркөмдүгүн бийиктикке жеткирип, көркөмдүктүн бүтүндөй системасы иштелип чыккан. Манастын Ата-журттун алдында берген анты:

Алты сан аман турганда,
Ыйык кыргыз жеримди
Душмандын буту баскыча,
Асыл кыргыз элимди
Тебелетип бөтөнгө,
Кор кылып карап жаткыча.
Туулбай туна чөгөйүн.
Тирүү жүрбөй өлөйүн.
Аткарбасам антымды,
Төшү түктүү жер урсун!
Көкө теңир өзү урсун!- деп айтылат.

Мында багыныңкы сүйлөмдүн *–ган* формасындагы атоочтук этиштен турган баяндоочуна (*алты сан аман турганда*) жатыш жөндөмөнүн *–да* мүчөсү, этиштик баяндоочко *–гыча* мүчөсү *(душмандын буту баскыча)* жалганып, багыныңкы жана баш сүйлөмдөрдүн баяндоочтору учур чак маанисинде айтылды. Эгерде багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу учур чак мааниде болсо, анда мезгил багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөм бир мезгилде болгон иш-аракетти билдирери байкалат. Ошол эле учурда ак калпак элдин көз карандысыздыгы, эркиндиги, эгемендүүлүгү, биримдиги Манас атабыз үчүн ыйыктын ыйыгы экендиги ачык белгилүү болуп турат. Манас атанын ушул улуу идеясы

менен кыргыздын мекенчил атуулдары аба менен дем алгандай дем алып, тарыхта жашап, күрөшүп келишкенин жакшы билебиз. Бүгүнкү күндө "Манас" эпосу мына ушундай бийик жана улуу мекенчил идеяларды тээ илгертен өзөгүндө сары майдай сактап, көк асабадай желбиретип көтөрүп, укумдан-тукумга өткөзүп келе жатат.

Багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдөрдүн түгөйлөрүнүн байланышынын синтетикалык жана синтетика-аналитикалык жолу түздөн-түз багыныңы түгөйдүн баяндоочуна байланыштуу болот. Анткени бир эле мезгилде ал баяндоочтун формасы болуу менен бирге, ошол эле учурда багыныңкы сүйлөм менен баш сүйлөмдү байланыштыруучу каражат болуп саналат. Мисалы: кырктын башы Кыргыл чалдын Манастын Көзкамандар тарабынан уулангандыгын капыстан угуп, кайгы-күйүттөн, өкүнүчтөн ичи өрттөнүп, кырк чорого кыйкырып турган учуру:

Айкырыгы таш жарып,
Бакырыгы баш жарып,
Мурутун булкуп ыргытып,
Ызы-чууну салды эми,-деп берилет.

Мында багыныңы сүйлөмдүн баяндоочтору *–ып* формасында уюшулуп, баш сүйлөмдө айтылып жаткан ойдун сын-сыпатын билдирип турат. Бул учурда биз каармандын жан-дүйнөсүндө жүрүп жаткан "буркан-шарканды" анын сырткы кыймыл-аракетин сүрөттөө аркылуу ташка тамга баскандай даана көрүп турабыз. Ошол эле учурда Кыргыл чал ошол көз ирмемдеги бүткүл психологиясы менен көз алдыбызга тартылат.

Айрым учурларда *–ып* формасындагы чакчылдан болгон багыныңкы сүйлөмдөр өзүнөн кийинки сүйлөмдөгү (баш сүйлөмдөгү) кыймыл-аракеттин аткарылыш мүнөзүн билдирбестен, маани жагынан аны менен бирдей даражада байланышып, бир мезгилде, же биринен экинчиси удаалаш болгон окуяны, кубулушту билдирет. Мисалы: Казактардын колунда кербенчи сартка сатылып кеткен Тайбуурул Сейтектин келатканын сезип, кербенчилерди жанына жолотпой, тиштеп, тепкилеп, жадатат. Сейтек менен кездешкенде гана тынчып, жыттап, көз жашын көлдөткөн учуру:

Айчүрөк турду чыркырап,
Сейтек ыйлап буркурап,
Тили жок буурул ат ыйлап,
Көрүп турган эл ыйлап,
Төшү түктүү жер ыйлап.
Муңдуулар акыр табышты,-деп сүрөттөлөт.

Демек, баяндоочунун милдетин *–ып* формасындагы чакчыл аткарып, баш сүйлөм (муңдуулар акыр табышты) менен тутумдашкан сыпат багыныңкы сүйлөмдөр бир нече сап болуп кабатталып келгенде, сөз болуп жаткан обьектинин (муңдуулардын кантип табышканы) сапаты улам терең ачылып, дааналана тургандыгы ачык байкалат. Ошол эле учурда сыпат багыныңкы сүйлөмдөр бир нече сапты түзүп гана тим болбостон, мазмунунун динамикалуулугун арттыруу менен, баш сүйлөмдө берилүүчү ойду күчөтүп, мына ушул касиет аркылуу күчтүү эмоционалдык-экспрессивдүү боектуулукка ээ болуп турат. Натыйжада эпостогу берилүүчү ой күчөтүлүп, белгилүү бир маанилүү бөлүккө окурмандын көңүлү бурулат, кызыгуусу артат.

Ички душмандардын бири Чынкожо кара атын минип, Семетейге уруш салганда, Чынкожонун аты:

Эр Семетей киргенде,
Семетейдин айбатын
Кан Чынкожо билгенде,
Кара ат менен чаргытып,
Аңгемесин арбытып,
Чыдай албай шашканда,
Чынкожо чыкты асманга,-деп сүрөттөлөт.

Мында баш сүйлөм менен багыныңкы сүйлөмдөр *–ган+да* жана *–ып* формалары менен байланышып, Чынкожонун асманга кантип, качан чыккандыгы белгилүү болуп, колдонулган тилдик каражаттар көркөм образдын ачылышы үчүн окурманга эмоционалдык-экспрессивдик таасир берип турат.

Кошмо сүйлөмдүн тутумунда турган жөнөкөй сүйлөмдөр ар түрдүү грамматикалык каражаттар аркылуу гана байланышпастан, алар маанилери боюнча да карым-катышта турат, башкача айтканда, багыныңкы байланыштагы кошмо сүйлөмдөрдү бири-биринен ажыратып, өзүнчө сүйлөм катары колдонууга болбойт.

Эпостун материалдарында мындай түзүлүштөгү кошмо сүйлөмдөр кеңири кездешет. Мисалы: Коңурбайдын небереси Чың Темир Кенендин даңкын угуп, буруттарда алты атабыздын өчү бар, ошону барып алам деп оолугуп, согушка камданып жткан учуру Эбегей, Көгөй аттуу эки карыянын кыргызды тооруп келе жаткан кырсыкты күн мурунтан сезген сүйлөшүүсүндө:

Ала-Тоону кан басып,
Алдыңкы түзүн чаң басып,
Журт чуркурап, кол дүрбөп,
Капкара канга батыптыр.
Калың мал, баш дүнүйө.
Айла таппай жатыптыр
Бул эмине болуучу?-деп берилет.

Мында –ып мүчөлүү сыпат багыныңкы сүйлөмдөр (Ала-Тоону кан басып; астыңкы жүзүн чаң басып; журт чуркурап, эл дүрбөп) аркылуу берилди жана алар баш сүйлөмгө карата (капкара канга батыптыр) түз орун тартип боюнча, башкача айтканда, баш сүйлөмдөн мурда жайгашты. Минтип баяндоочу –ып формасындагы чакчылдан турган сүйлөм багыныңкы сүйлөм катары колдонулганда, өзүнүн ички маанисине ылайык баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин кандайча аткарылгандыгы, же болбосо, кандайча аткарылуу мүнөзү көз алдыбызда даана, ачык жана элестүү сыпатталды.

"Көкөтөйдүн ашы" эпизодунда ат чабыш учурунда Алмамбет сыйкыр менен аба ырайын өзгөртөт. Муну ал атайын жасап, аттардын күчүн жана чыдамдуулугун сынаш үчүн кышкы ызгаарды чакырат. Мына ушул учур эпосто:

...Жаканын баары жамгырлап,
Мөндүр түшүп дабырлап,
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Туурадан туман дүркүрөп,
Кыбыладан түнөрүп,

Кызыл мунар күркүрөп,
Астыңкы келген аязга
Ат менен адам зиркиреп,
Арыктын баары жыгындап,
Аң, коктулар тыгындап,
Борошосу бургулап,
Караганча өлчөөсүз
Каршы-терши ургулап,
Астында түшүп жамгыры,
Адам, аттын баарысын,
Суусу басып жам кылды.
Артынан түшүп мөндүрү,
Арык-торук малдарды,
Аяз менен өлтүрдү,-деп сүрөттөлөт.

Мындагы багыныңкы сүйлөмдөрдө сүйлөмдүн бардык белгилери сакталган: грамматикалык жактан да, интонациялык жактан да уюшулган жана предикаттык катыштагы баш мүчөлөрү бар. Бул кошмо сүйлөмдөгү багыныңкы сүйлөмдөр маанилик жактан биригип, баш сүйлөм менен –ып мүчөсү аркылуу байланышып, баш сүйлөмдөгү кыймыл-аракеттин аткарылыш мүнөзүн, сапатын билдирди. Ошол эле учурда эпикалык каамандын маанайы да, атап айтканда, ачуулануусу, нааразылыгы аба ырайынын бузулушу (кыш) менен салыштыруу аркылуу берилип, угуучунун эстетикалык татымын, эпоско болгон кызыгуусун арттырып турат.

Жогоркудай түзүлүштөгү чакчыл жана атоочтук конструкциялар өзүнө тиешелүү грамматикалык ээси жана чачылдан, атоочтуктан турган баяндоочу синтаксистик жол аркылуу байланышып, предикативдик байланышты түзүп, баяндоо интонациясына ээ болуу менен, шарттуу түрдө аяктаган ойду билдире алышты.

Жыйынтыктап айтканда, жалпы элдик тилибиздин үлгүсүндө айтылган “Манас” эпосунун тилианын эл арасында таралышында жана калыптанып өнүгүшүндө баа жеткис ролду ойноп келген коомдук кызматын да билүүгө милдеттүүбүз, себеби эпостогу стилдик каражаттар анын көлөмүнө жарашкан көркөмдүгүн көз кайкыган бийиктикке жеткирип, көркөмдүктүн бүтүндөй системасы иштелип чыккан.

Демек, эпостогу окуялардын жандуу элесин көз алдыбызга тарта алган элестүүлүгү жана анын угуучунун эсинде орноп калган таасирдүүлүгү менен айырмаланган сөздүн сыйкырдуу күчкө ээ болгон көркөмдүгү-анда колдонулган стилдик каражаттарга, интонациясына, манасчынын обонуна, мимикасына, кылдат кыймылы менен эмоциясына байланыштуу деп жыйынтык чыгарууга болот.

***Адабияттар:***

1. *“Манас” энциклопедиясы. –Б., 1995.*
2. *“Манас” эпосу. / С.Каралаевдин варианты боюнча. 1-2-том. –Б., 2005.*
3. *Мусаев С.Ж. Татаал сүйлөм маселесине карата. –Б., 1996.*